IARC
Независимый институт аккредитации, рейтинга и сертификации

**Независимый институт аккредитации, рейтинга и сертификации**
**Аккредитация, рейтинг жана тастыктоочу коз карандысыз институту**
**Independent Institute of Accreditation, Rating and Certification**

---

**«МАКУЛДАШЫЛГАН»**
Аккредитациялык Кеңештин
төрагасы Сарбанов С.Т.
________________
Протокол № 9
04.07.2024-ж.

**«БЕКИТЕМИН»**
Директор Кошоева Б.Б.
________________
Буйрук №2/008
04.07.2024-ж.

# БАШТАПКЫ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫН ПРОГРАММАЛЫК АККРЕДИТАЦИЯЛОО ҮЧҮН ТЫШКЫ БААЛОО КРИТЕРИЙЛЕРИ

| № | Критерийлери | Шайкештик индикаторлору (көрсөткүчтөрү) | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Шайкеш келбейт | Жарым-жартылай шайкеш келет | Шайкеш келет |
| ***1. Билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана мезгил-мезгили менен баалоо*** | | | | |
| 1.1. | Билим берүү уюмунун миссиясына шайкеш келген жана мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына жооп берген билим берүү программасынын так түзүлгөн билим берүү максатынын болушу. | Билим берүү максаттары уюмдун миссиясына жана Мамстандарт талаптарына (МББС) шайкеш келбейт. | Билим берүү максаттары Мамстандарт талаптарына шайкеш келет.Кызыкдар тараптардын муктаждыктарына шайкеш келген жана шайкештикти талдоодо программанын максаттарынын макулдашуу механизмдери жок. | Билим берүү программасы жана анын максаттары Мамстандарт талаптарына, кызыкдар тараптардын муктаждыктарына шайкеш келет. Кызыкдар тараптардын муктаждыктарына шайкеш келген программанын максаттарынын макулдашуу механизмдери бар. |
| 1.2. | Кесиптик, өндүрүш жана тейлөө уюмдардын өкүлдөрүнүн катышуусу менен иштелип чыккан, эмгек рыногун чагылдырган жана билим берүү программасынын максаттарына туура келген жана окутуунун күтүлгөн натыйжаларында формулировкаланган болуусу. | Билим берүү программадагы окутуунун күтүлгөн натыйжалары программанын максаттарына шайкеш келбейт, так формулировкаланган эмес, аларды иштеп чыгууда иш берүүчүлөр катышкан эмес. | Билим берүү программадагы окутуунун күтүлгөн натыйжалары программанын максаттарына шайкеш келет, кесиптик терминдер менен формулировкаланган. Күтүлгөн натыйжаларды иштеп чыгууда иш берүүчүлөрдүн катышуу механизми жок же алардын катышуусунун тастыктоосу жок. | Билим берүү программадагы окутуунун күтүлгөн натыйжалары иш берүүчүлөрдүн катышуу менен иштелип чыккан, программанын максаттарына шайкеш келет , кесиптик терминдер менен формулировкаланган. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 1.3. | Так аныкталган жана мамлекеттик билим берүү стандарттарына шайкеш келген билим берүү программасы боюнча окуу жүктөмүнүн болушу. | Окуу жүктөмүн бөлүштүрүү далили жок. | Окуу жүктөмү МББС (ГОС) стандартынын талаптарына толугу менен шайкеш келет жана окуу планына ылайык бөлүштүрүлгөн. | Окуу жүктөмү МББС (ГОС) стандартынын талаптарына толугу менен шайкеш келет жана окуу планына ылайык бөлүштүрүлгөн. |
| 1.4. | Билим берүү программасын өркүндөтүү максатында студенттердин жана иш берүүчүлөрдүн күтүүлөрүнө, муктаждыктарына жана канааттануусуна мезгил-мезгили менен баа берүү. | Жүргүзүлбөйт же далили жок. | Студенттердин жана иш берүүчүлөрдүн күтүүлөрүн, муктаждыктарын жана канааттануусун баалоо үзгүлтүксүз жүргүзүлбөйт. Баалоо жол-жоболору жана механизмдери документтерде тиркелген эмес. | Студенттердин жана иш берүүчүлөрдүн күтүүлөрүн, муктаждыктарын жана канааттануусун баалоо жылына жүргүзүлөт. Талдоолордун натыйжалары үстүбүздөгү жылдын окуу пландарында чагылдырылган. Баалоо жол-жоболору жана механизмдери документтерде тиркелген. |
| 1.5. | Билим берүү программасынын окуу планында каралган (окуу, өндүрүштүк) практиканын бардык түрлөрүнөн өтүү үчүн орундар менен камсыз кылуу. | Окуу планында каралган практиканын бардык түрлөрү орундар жана жөнгө салынган документтер менен камсыздалган эмес. | Билим берүү программалары практиканын бардык түрлөрүн өтүү үчүн орундар менен камсыздалган, практиканын жол-жоболору жөнгө салынган, бардык жол-жоболор документтештирилген. | Билим берүү программалары практиканын бардык түрлөрүн өтүү үчүн орундар менен камсыздалган, практиканын жол-жоболору жөнгө салынган, практиканын эффективдүүлүгү талдалат жана аны жакшыртуу боюнча чаралар көрүлүп турат. |
| 1.6. | Билим берүү уюму окуу процессинде инновациялык | Маалыматтар жок/далилдер же кээ бир  педагогдор | Инженердик-педагогикалык курам менен методикалык | Инженердик-педагогикалык кадрлар |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | окуу-методикалык ресурстарды жана технологияларды колдонуу. | колдонот. | иш алып баруу, окутуучулардын инновациялык технологияларды жана ыкмаларды колдонуусуна мониторинг жүргүзүү далилдери бар. Инженердик-педагогикалык кадрлардын кеминде 50% ы маалыматтык-коммуникациялык технологияны (МКТны) жана окутуунун инновациялык ыкмаларын билишет жана аларды практикада колдонушат. | менен системалуу методикалык иш жана инновациялык технологияларды колдонуу мониторинги жана сабактарда инженердик-педагогикалык кадрлардын окутуунун жигердүү ыкмаларын колдонуу далилдери бар. Сабактарды даярдоодо жана өткөрүүдө маалыматтык-коммуникациялык технологияны (МКТны) пайдаланууга, окуучулардын жетишкендиктерин контролдоо жана баалоо үчүн шарттар түзүлгөн. Инженердик-педагогикалык кадрлардын кеминде 80% ы МКТны жана окутуунун инновациялык ыкмаларын жакшы билишет жана аларды практикада колдонушат. |
| 1.7. | Мониторингдин жана мезгил-мезгили менен баалоонун жыйынтыктарын кызыкдар тараптарды тартуу менен талдоо, талкуулоо жана аны билим берүү процессин | Мониторинг маалыматтарынын акыркы жылдагы билим берүүнүн сапаты талдоо жүргүзүлгөн, кырдаалды жакшыртуу үчүн талкуулоо жана колдонуу үчүн далил жок. | Билим берүүнүн сапатына мониторингдин маалыматтарына талдоо жүргүзүлөт, натыйжалар кызыкдар тараптар менен дайыма талкууланбайт. | ББУда билим берүүнүн сапатына мониторинг жүргүзүүнүн маалыматтарына үзгүлтүксүз талдоо жүргүзүлөт, анын |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | уюштурууну жакшыртуу үчүн пайдалануу. | | Билим берүү уюмунда билим берүүнүн сапатын жакшыртуу үчүн конкреттүү чараларды талдоонун жана талкуулоонун натыйжасында кабыл алынгандыгы жөнүндө далилдер жок. | жыйынтыктары кызыкдар тараптар менен талкууланат жана ББУда окутуу жана өнүктүрүү пландарын оңдоо боюнча чечимдер кабыл алынат. |
| 1.8. | Билим берүү программасын окуу-методикалык жактан камсыз кылуунун билим берүү максаттарына, мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык келиши. | Талдоо жок | Акыркы жыл үчүн окуу-методикалык камсыз кылуунун ылайыктуулугун талдоо келтирилди. | Акыркы жыл үчүн окуу-методикалык жактан камсыз кылуунун ылайыктуулугун талдоо келтирилди. Окуу-методикалык камсыздоонун шайкештигин талдоо жыл сайын жүргүзүлөт, акыркы бир нече жыл ичинде оң динамика бар. |
| ***2. Билим берүүнүн натыйжаларын кабыл алуу жана таануу, студенттерди бүтүрүү*** | | | | |
| 2.1. | Студенттерди тандоонун, кабыл алуунун жана бүтүрүүнүн калыс жана ачык жол-жоболорун колдонуу. | Жол-жоболор жок. | ББУнун Уставында, ички актыларда, тандоо жана кабыл алуу, студенттерди чыгаруу жол-жоболору аныкталган. Кабыл алуу практикасынын далили жок. | ББУнун Уставында, ички актыларда, тандоо жана кабыл алуу, студенттерди чыгаруу жол-жоболору аныкталган.<br>Тандоо жана кабыл алуу, чыгаруунун тиешелүү ыкмалары жана жол-жоболору колдонулат. |
| 2.2. | Толук жана өз убагында маалымат алуу, студенттерге тандалган билим берүү траекториясы жана карьералык | Документтерде чагылдырылган эмес. | Маалымдоо жол-жоболору, консультациялар жана карьералык мүмкүнчүлүктөр бар. | Студенттерге билим берүү траекториясы жана карьералык мүмкүнчүлүктөрү боюнча |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | мүмкүнчүлүктөрү боюнча кеңеш берүү. | | | маалымдоо жол-жоболору, бар. Жооптуу кызматтар аныкталган. Иш планы берилди. |
| 2.3. | Так жол-жоболор менен мониторинг жүргүзүү үчүн инструменттерди чогултуу жана студенттердин академиялык жетишкендиктери жөнүндө маалыматтын негизинде кийинки аракеттердин болушу. | Документтерде жол-жоболор жок. | Академиялык жетишкендик тууралуу мониторинг жүргүзүү инструменттери жана жол-жоболору жарым-жартылай баяндалган. | Документтерде так жол-жоболору менен мониторинг жүргүзүү инструменттери жана студенттердин академиялык жетишкендиктери жөнүндө маалыматтын негизинде кийинки аракеттер баяндалган. |
| 2.4. | Студенттердин окуунун күтүлгөн натыйжаларына жетишүүсү үчүн билим берүү уюмунун алдын ала билим берүүнүн квалификацияларын жана окуу мезгилдерин объективдүү таануусун камсыз кылуу. | Маалымат жок | - | Квалификацияны жана мурунку билим берүүнүн окуу мезгилдерин объективдүү таануу жол-жобосу бекитилген. |
| 2.5. | Билим берүү уюму тарабынан билим берүү программасы боюнча окууну аяктаган жана окутуунун күтүлгөн натыйжаларына жетишкен студенттердин алган квалификациясын, анын ичинде окутуунун жетишилген натыйжаларын, ошондой эле алган билиминин мазмунун жана статусун жана анын аяктагандыгын тастыктаган | - | ББУ билим берүү программасы боюнча окууну аяктаган жана окуунун күтүлгөн натыйжаларына жеткен студенттерди алган квалификациясын ырастоочу билими жөнүндө документ менен камсыз кылат.<br>Өткөн жылдагы бүтүрүүчүлөрдүн саны боюнча статистикалык маалыматтарды берет. | ББУ билим берүү программасы боюнча окууну аяктаган жана окуунун күтүлгөн натыйжаларына жеткен студенттерди алган квалификациясын ырастоочу билими жөнүндө документ менен камсыз кылган.<br>Беш жыл ичиндеги бүтүрүүчүлөрдүн саны, |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | билим берүү жөнүндө документ менен камсыз кылуу. | | | мамлекеттик аттестациянын жыйынтыктары, билими жөнүндө берилген документтердин саны жөнүндө статистикалык маалыматтарды берген. |
| ***3. Инсанга багытталган окутуу жана студенттерди окутуунун натыйжаларын баалоо*** | | | | |
| 3.1. | Окутуу технологияларды жана билим берүү формаларын, педагогикалык ыкмаларды жөндөө жана баалоо үчүн, студенттерден үзгүлтүксүз кайтарым байланыш алууну колдонуу. | Студенттерден кайтарым байланыш алуу жана окутуучулардын өзүн-өзү талдоо механизмдеринин болуу далилдери жок. | ББУда андан ары талдоо менен жүргүзүү менен сабактарга өз ара катышуулар болот, инженердик-педагогикалык кадрлардын өзүн-өзү баалоо формалары колдонулат, ошентсе да иштер системалуу жана ырааттуу жүргүзүлбөйт. | Уюштуруу-регламенттөөчү документтерде студенттерден, кесиптештерден кайтарым байланышты алуу жана колдонуу жол-жобосу, сабактардын жана окутуунун натыйжаларынын өзүн-өзү талдоосу, инженердик-педагогикалык кадрлардын иштөө ыкмаларын жана технологияларын оңдоо максатында өзүн-өзү баалоо баяндалган. |
| 3.2. | Жеңилдетүүчү жагдайларды камтыган жана баалоонун натыйжаларын апелляциялоонун расмий жол-жобосун караган баалоо жүргүзүү жол-жобосунун объективдүүлүгүн жана ачыктыгын камсыз кылуу**.** | Баалоо жол-жоболорунун баяндалышы жок. | Баалоо критерийлери жана методдору, бааланууучу иштердин мөөнөттөрү жана түрлөрү, экзамендердин формалары көбүнчө студенттерге белгилүү (ачык жарыяланган).<br>Баалоо жыйынтыктарынын апелляциясынын расмий | Баалоо критерийлери жана методдору, мөөнөтү жана баалоо иштеринин түрлөрү, экзамендердин формалары студенттерге алдын ала белгилүү (коомдук доменде жайгаштырылган). Баалоо жыйынтыктарынын |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | жол-жобосу каралган жана колдонулат. | апелляциясынын расмий жол-жобосу каралган жана колдонулат. |
| 3.3. | Окуудагы жетишкендик мониторинги жана бүтүрүү, бүтүрүүчүлөрдү ишке орноштуруу. | ББУ окуугы жетишкендик жана бүтүрүүчүлөрдү бүтүрүүнүн мониторингинин форматына жана жол-жобосуна ээ. Ички баалоо жүргүзүлгөндүгүнө эч кандай далил жок.<br>Механизмдер иштелип чыккан эмес, ишке орноштуруу боюнча маалыматтар жок. | ББУ окутуунун натыйжалуулугун , жүктөм, окуугы жетишкендик жана бүтүрүү үчүн баалоонун бирдиктүү жол-жоболорун колдонот (мисалы, окуудагы жетишкендикти жана окутуу сапатын талдоо гана).<br>Ички баалоо дайыма жүргүзүлбөйт (ички мониторинг, тестирлөө, экзамендер); жыйынтыктары талданат.<br>ББУда бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусун баалоо механизмдери иштелип чыккан. Жумушка орноштуруу боюнча маалыматтар жарым-жартылай чогултулган. | ББУ окуу жүктөмүн баалоо, окуудагы жетишкендик менен студенттерди бүтүрүү жана мониторингдин жол-жобосуна жана форматына ээ.<br>Ички баалоо дайыма жүргүзүлөт (ички мониторинг, тестирлөө, экзамендер), жыйынтыктары талданат, корутундулар жана сунуштар чечим кабыл алуу үчүн колдонулат.<br>Акыркы беш жылдагы жыйынтыктар оң динамиканы көрсөттү.<br>ББУда бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусун баалоо механизмдери иштелип чыккан.<br>Мониторинг жүргүзүлүп, акыркы 5 жылдагы жумушка орношуу көрсөткүчтөрү көрсөтүлдү.<br>Маалыматтарды талдоонун негизинде кызматтардын натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | чаралар көрүлгөн.<br>ББУ мезгил-мезгили менен жумуш берүүчүлөрдү, инженердик-педагогикалык кадрларды, студенттерди сурамжылоо жана талкуулоо жолу менен алардын муктаждыктары менен канааттануусуна баалоо жүргүзүп турат.<br>Маалымат чогултуу инструменттери иштелип чыккан. Алынган маалымат талданат жана отчет түрүндө берилет.<br>Тыянактар жана сунуштар чечимдерди кабыл алуу, окуу пландарын оңдоо үчүн колдонулат. |
| 3.4. | Студенттердин таштап кетүү себептерин талдоо жана окуудагы жетишкендикти бекемдөө жана жогорулатуу боюнча кабыл алынган чаралар. | Маалымат жок | Өткөн жылы таштап кетүү боюнча маалыматтар берилген**.** | Акыркы 5 жылдагы таштап кетүү боюнча маалыматтар чогултулган, талданат жана чаралар кабыл алынган. |
| 3.5. | Студенттердин даттанууларына жооп кайтаруу жол-жоболорунун иштелип чыккандыгы жана ишке киргизилгендиги. | Жол-жоболор жок | _ | Жол-жоболор жана документтер иштелип чыккан, ошонун негизинде алар жүргүзүлөт. Реакция тажрыйбасы бар. |
| 3.6. | Документтештирилген жана кызыкдар тараптарга жеткиликтүү болгон студенттерди социалдык жактан | Документтер жок. | Документтештирилген студенттерди социалдык жактан колдоо системасы бар. | Студенттерди социалдык жактан колдоону жөнгө салуучу документтер иштелип чыккан. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | колдоо системасынын болушу. | | | Кызыкдар тараптарга жеткиликтүү.<br>Окуучуларды социалдык жактан колдоо системасы иштейт. |
| | ***4. Педагогикалык жана окуу-көмөкчү персонал*** | | | |
| 4.1. | Ишке ашырылып жаткан билим берүү программасына жана билим берүү процессинин талаптарына педагогикалык жана окутуучу-көмөкчү кызматкерлердин курамынын, квалификациясынын, билиминин жана тажрыйбасынын ылайык келиши. | Окутуучулук жана окуу-көмөкчү персоналдын сандык жана сапаттык курамы Мам.стандарт жана программанын талаптарына жооп бербейт. | Окутуучулук жана окуу-көмөкчү персоналдын сандык жана сапаттык курамы Мам.стандарт жана программанын талаптарына жооп берет.<br>Талдоо жүргүзүү боюнча туруктуу практика жок. | Окутуучулук жана окуу-көмөкчү персоналдын сандык жана сапаттык курамы Мам.стандарт жана программанын талаптарына жооп берет.<br>Курамын жана квалификациясын талдоо үзгүлтүксүз жүргүзүлүп турат. Квалификацияны жогорулатуу боюнча тиешелүү чечимдер кабыл алынат. |
| 4.2. | Инженердик-педагогикалык кадрлардын билим берүү программасына, мамлекеттик билим берүү стандарттарына, эмгек рыногунун керектөөлөрүнө ылайык келген жана билим берүүнүн сапатын жогорулатууга өбөлгө түзүүчү колдонмолорду, окуу китептерин иштеп чыгуу жана басып чыгаруу боюнча иши. | Жумуш же маалымат жок.<br>Басылманын планы жок. | Басылманын планы бар.<br>Инженердик-педагогикалык кадрлар колдонмолорду, окуу-методикалык басылмаларды иштеп чыгуу жана басып чыгаруу боюнча иштешет. Басылманын планы 80% дан аз аткарылат. | Инженердик-педагогикалык кадрлар билим берүү программасына, мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык келген окуу китептерин, окуу куралдарын иштеп чыгуу жана басып чыгаруу үстүндө иштешет :<br>иштелме жана басылмалардын тизмеси, жарыялоо пландары жана 5 жыл ичинде алардын |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | аткарылышын талдоосу бар. Басылманын пландары 80% дан ашык аткарылган. |
| 4.3. | Инженердик-педагогикалык кадрларды, окуу-көмөкчү персоналды кесиптик жана жеке өнүктүрүүгө түрткү берүү үчүн шарттарды түзүү. | Жол-жоболор жок. | Инженердик-педагогикалык кадрлардын, окуу-көмөкчү персоналдын ишин баалоону камсыз кылуучу механизмдер жана жол-жоболор бекитилген.Чечимдер системалык негизде кабыл алынбайт. | Инженердик-педагогикалык кадрлардын, окуу-көмөкчү персоналдын ишин баалоону камсыз кылуучу механизмдер жана жол-жоболор бекитилген жана далилдер бар.<br>Баалоо жыл сайын жүргүзүлөт. Анын жыйынтыгы боюнча сыйлыктар,кошумча төлөмдөр ж.б. бөлүштүрүлөт. Тиешелүү чечимдердин протоколдору бар. Чечимдер бардык категориядагы кызматкерлердин салымын эске алуу менен кабыл алынат. |
| 4.4. | Студенттерди тиешелүү адам ресурстары менен камсыз кылуу (кураторлор, класс жетекчилер, жатаканадагы тарбиячылар, психологдор ж.б.), студенттерди окутуунун натыйжаларына жетишүүгө колдоо жана дем берүү максатында. | Кадрлар менен камсыз болуу жетишсиз, адистерди тартуу жана кармап калуу боюнча иштер жүргүзүлбөйт. | ББУ адам ресурстары менен толук камсыздалган эмес, жаш адистердин агымы, кадрлардын кетип калуусу (беш жылдын ичинде) бар. Себептерди жана кырдаалды талдоо дайыма жүргүзүлбөйт. | ББУ адам ресурстары менен камсыздалган, жаш адистердин агымы, кадрлардын алмашуусунун төмөн пайызы (беш жыл ичинде) бар.<br>Адам ресурстарын башкаруу жөнүндө Жобосу, жылдык өзүн-өзү баалоонун бир бөлүгү катары камсыздыкты |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | үзгүлтүксүз талдоосу бар. |
| 4.5. | Билим берүү уюму тарабынан иштелип чыккан жана билим берүү программалары боюнча педагогикалык жана окуу-көмөкчү персоналдын квалификациясын жогорулатуунун реалдуу пландарын аткаруу. | Квалификацияны жогорулатуу системалуу жана уюшкан процесс эмес. | Педагогикалык жамаатын (ПЖтын) пландары иштелип чыккан жана ишке ашырылат, процессти пландаштыруу жана мониторинг жүргүзүү үчүн жооптуу бөлүм жана адамдар аныкталган. Пландар жарым-жартылай аткарылат. | ББУ деңгээлинде кесиптик өнүктүрүү системасы иштелип чыккан жана иштеп жатат, педагогикалык жамаатын пландары жана аларды ишке ашыруу, процессти пландаштыруу жана мониторинг жүргүзүү үчүн жооптуу бөлүм жана адамдар аныкталган. Акыркы 5 жылдагы көрсөткүчтөр оң. |
| | ***5. Материалдык-техникалык база жана маалымат ресурстары*** | | | |
| 5.1. | Студенттерди, ар кандай топтогу студенттерди, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга жеткиликтүү болгон зарыл материалдык ресурстар менен камсыз кылуу (китепкана фонддору, компьютердик класстар, окуу жабдуулары, жабдылган кабинеттер, лабораториялар, спорт зал, компьютердик жабдуулар, окуу полигондору, устаканалар жана башка ресурстар). | Анализ берилген эмес же начар камсыздалгандыгын жана аны жакшыртуу боюнча чаралардын жоктугун көрсөтүп турат. | Материалдык-техникалык база (МТБ) жана маалыматтык ресурстар программанын талаптарына жана студенттердин муктаждыктарына ылайыктуулугуна талданат. | Материалдык-техникалык база (МТБ) жана маалыматтык ресурстар программанын талаптарына жана студенттердин, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын керектөөлөрүнө шайкеш келүүсүнө талданат. Жакшыртуу үчүн чаралар көрүлүп жатат, беш жылдын ичинде жакшыруу бар. |
| 5.2. | Студенттерди окуу процессин толук кандуу ишке ашыруу үчүн зарыл болгон жабдуулар, окуу китептери, окуу куралдары жана башка окуу-методикалык материалдар, анын ичинде | Окуу процесси жабдуулар, окуу китептери, колдонмолор жана башка окуу-методикалык материалдар, анын ичинде электрондук менен камсыздалган эмес. | Окуу процесси жабдуулар, окуу китептери, колдонмолор жана башка окуу-методикалык материалдар, анын ичинде электрондук менен жарым-жартылай камсыздалган. | Ар бир аккредитацияланууучу программа боюнча окуу-методикалык материалдардын жана электрондук |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | электрондук материалдар менен камсыз кылуу**.** | | | колдонмолордун саны жана билим берүү уямунун билим берүү программасы (ОО/ОП) билим берүү максаттарынын шайкештиги аны натыйжалуу ишке ашырууга мүмкүндүк берет. |
| 5.3. | Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун талаптарын сактоо (экологиялык, санитардык-эпидемиологиялык жана гигиеналык эрежелер жана ченемдер, өрткө каршы коопсуздуктун, эмгекти коргоонун жана техникалык коопсуздуктун эрежелери). | Дал келүү / маалымат жок. | - | Коопсуздук талаптарына толук шайкеш келет. Атайын органдардан бардык керектүү документтер бар. Локалдык актылар иштелип чыккан жана бекитилген. Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздук талаптары сакталат. |
| 5.4. | Билим берүү уюму кеңири коомчулукка жана кызыкдар жактарга маалымдоо үчүн маалыматты жайылтуунун ар кандай ыкмаларын (анын ичинде ММК, веб-ресурстар, маалыматтык тармактар, ББУ сайты ж. б.) колдонушу. | Дал келүү / маалымат жок | Маалыматты жайылтуу маалымат тармактары, ББУнун Сайт аркылуу жүзөгө ашырылат. | Билим берүү уюму маалыматты жайылтуу ыкмаларын кеңири колдонот: ММК, веб-ресурстарды, маалыматтык тармактарды, ББУ сайтые жана маалыматтык буклеттерди ж. б.<br>Иш системалуу жана үзгүлтүксүз жүргүзүлөт. Жооптуу кызматкерлер бар. |

**БКБ ББУнун программалык аккредитациясында минималдуу талаптарды аткаруу боюнча жыйынды таблица**

| | Минималдуу талаптар | Бардык критерийлер | Шайкеш келет | Жарым-жартылай шайкеш келет | Шайкеш келбейт | Аткарылууда/ аткарылган эмес |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана мезгил-мезгили менен баалоо | 8 | 4 | 2 | 2 | Аткарылууда |
| 2 | Билим берүүнүн натыйжаларын кабыл алуу жана таануу, студенттерди бүтүрүү | 5 | 2 | 2 | 1 | Аткарылган эмес |
| 3 | Инсанга багытталган окутуу жана студенттерди окутуунун натыйжаларын баалоо | 6 | 3 | 3 | 0 | Аткарылууда |
| 4 | Педагогикалык жана окуу-көмөкчү персонал | 5 | 2 | 3 | 0 | Аткарылууда |
| 5 | Материалдык-техникалык база жана маалымат ресурстары | 4 | 1 | 3 | 0 | Аткарылууда |